DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Ыдырысова С.М.*

# АДАМДЫ УУРДООНУН ДЕФИНИЦИЯЛЫК ЖАНА КЫЛМЫШ-УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Ыдырысова С.М.*

# ПРОБЛЕМЫ ОПРЕДЕЛЕНИЯ ДЕФИНИЦИИ ПОХИЩЕНИЯ ЧЕЛОВЕКА И ПРОБЛЕМЫ ЕЕ УГОЛОВНО-ПРАВОВОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ

*S. Ydyrysova*

# THE PROBLEMS OF DEFINING THE DEFINITION OF KIDNAPPING AND THE PROBLEMS OF ITS CRIMINAL LAW REGULATION

*УДК: 343.712.3*

*Макалада адамды уурдоо кылмышынын теориялык жана кылмыш укуктук аспектилери мыйзамдык бекилүү көйгөйлөрү талдоого алынган. Макаланын максаты кылмыш-жаза мыйзамындагы адамды уурдоо кылмышынын дефинициялык жана кылмыш укуктук жөнгө салуунун жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүнаныктоо. Мамлекеттик тилдеги дефинициялардын көйгөйлөрүн аныктоо саналат. Макаланы талдоо процессинде жалпы илимий усулдар менен атайын илимий усулдар колдонулган. Тактап айтканда нормативдик логикалык жана грамматикалык усулдар. Макаланын жыйынтыгында адамды уурдоо кылмышынын дефинициялык жактан мыйзамдык бекилүүсү сынга алуу менен аны бир канча толук кандуу берүү сунушталып,бул кылмыштын теориялык жана кылмыш-укуктук көйгөйлөрү аныкталган. Макаланын натыйжалары кылмыш укук теориясындагы түшүнүк аппараттарын, боштуктарын толуктоодо, мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүндө адамды уурдоо кылмышын укуктук жөнгө салууну жакшыртууда, илимий изилдөөлөрдө колдонулушу мүмкүн.*

***Негизги сөздөр:*** *кылмыш, кылмыш-жаза мыйзамы, адам уурдоо, адам укуктары, адам эркиндиктери, квалификация, дефиниция, дифференциация, түшүнүк аппараты.*

*В статье анализируются теоретические и уголовно-правовые аспекты преступления похищения человека и проблемы правоприменения. Целью данной статьи является выявление общих черт и особенностей определения и уголовно-правового определения похищения человека в уголовном праве. Выявить проблемы определений в государственном языке. В процессе анализа статьи использовались общенаучные методы и конкретно-научные методы. В частности, нормативно-логические и грамматические методы. В результате исследования повержена критике юридического определения преступления похищения человека и предложена оптимальный вариант ее определения, а также выявлены теоретические и уголовно-правовые проблемы данного преступления. Результаты статьи могут быть использованы для восполнения пробелов в понятийном аппарате теории уголовного права, для совершенствования правового регулирования похищения человека в законотворческой деятельности, при проведении исследований.*

***Ключевые слова****; преступление, уголовное право, похищение человека, права человека, свободы человека, квалификация, определение, дифференциация, понятийный аппарат.*

*The article analyzes the theoretical and criminal-legal aspects of the crime of human abuse and the problem of law enforcement. The purpose of this article is to identify the general devil and the specifics of the definition and criminal-legal definition of a person in criminal law. Identify the problem of definitions in the state language. In the process of analysis of the article, general scientific methods and specific scientific methods were used. In particular, normative-logical and grammatical methods. As a result of the study, the critique of the legal definition of the crime of deportation of a person and the optimal version of his definition, as well as the theoretical and criminal problems of this crime were identified. The results of the article may be used to fill in the gaps in the conceptual apparatus of the theory of criminal law, to improve the legal regulation of the deportation of a person in the legislative activity, while conducting research.*

***Key words****; crime, criminal law, humiliation of a person, rights of a person, freedoms of a person, qualification, determination, differentiation, conceptual apparatus.*

Учурдагы Кыргызстандын криминогендик абалы бир канча олуттуу түрдө сандык жана сапаттык жактан айырмаланууда. Мунун себеби катары коомдук мамилелердин түп тамырынан бери өзгөрүшү, жаңы саясий коомдун калыптанышы, кылмыштуулуктун сандык жана сапаттык түзүмүнүн өзгөрүшү менен түшүндүрүүгө болот.

Укуктук мамлекет катары Кыргызстанда адам укуктары жана эркиндиктери баа жеткис баалуулук катары таанылып, мамлекеттик жана өзүн-өзү башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн маңызын түзөт.

Адам укуктары жана эркиндиктери ар кандай кол салуулардан ар тараптуу коргоого алынары кепилденген. Адам укуктары жана эркиндиктери, жеке кол тийбестик укугу конституциялык деңгээлде каралган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 29-беренесине ылайык «Ар бир адам жеке турмушунун кол тийгистигине, абийиринин жана ар-намысынын корголушуна укуктуу» [1] деп бекилген.

Мындан келип чыккандай укук коргоо органдарына адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу милдети жүктөлгөн. 1966-жылдагы жарандардын граждандык жана саясий укуктарынын Пактысынын 3-беренесинде жеке эркиндикке жана кол тийбестикке болгон укугун бекиткен [2].

Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтарында конкреттүү кылмыштын түрү боюнча статистикалык маалыматтар камтылган эмес. Маалыматтар бир канча жалпыланган тартипте берилет. Адам урдоо боюнча өз алдынча статистикалык маалымат жок.

Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча [3, 184-б.].

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*1-таблица*

| | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** | **2020** |
|---|---|---|---|---|---|
| Катталган кылмыштар - бардыгы | 27 481 | 27 706 | 29 718 | 41 622 | 31 211 |

Бул кылмыштардын түзүмүндө менчикке каршы кылмыштар жана инсанга каршы кылмыштар басымдуулук кылат. Тилекке каршы адам урдоо боюнча өз алдынча статистикалык маалымат жок.

Уурдоо түшүнүк аппараты боюнча талдоо жүргүзсөк. Анткени түшүнүк аппаратын так аныктоо мыйзамдын, анын нормасынын так колдонулушуна шарт түзүү менен бирдикте адам укуктары жана эркиндиктерин камсыздайт.

Түшүнүк аппараттары жаңы кылмыш-жаза кодексинде дагы өз алдынча тиркеме аркылуу 2019-жылдан баштап бериле баштады.

Бул өз кезегинде кылмыш жаза мыйзамындагы аныктык принцибинин орун алгандыгы менен да түшүндүрүлөт. Анткени бир катар диспозициялардагы терминдер жалпы мааниде камтылып аны чечмелөө бир канча татаал болуп, кээ бир учурларда өз кароосу менен мыйзам колдонуучулар тарабынан пайдаланылган.

Мына ошондуктан кылмыш-жаза мыйзамындагы түшүнүк аппараттарын аныктоо бир канча маанилүү. Изилденип жаткан тема боюнча «уурдоо», «киши уурдоо» түшүнүктөрү боюнча талдоо жүргүзсөк.

В.И. Дальдын сөздүгүндө «уурдоо» сөзү физикалык басып алуу, алып кетүү, урдоо, тартып алуу, ууруларча ээболуу дегенди түшүндүрөт [4, 573-б.].

Окумуштуу А.С Гореликтин оюу боюнча «уурдоо терминологиялык жактан мүлктү уурдоо менен байланышкан, аны адамды уурдоо менен байланышкан дефиницияларды колдонсо болот» [5, 290-б.] деген.

Ооба, бул жерде укукка каршы аракет жасоо белгиси адам уурдоо менен дал келет. Бирок адам кылмыштын предмети катары боло албайт. Ал жандуу аң сезимдүү зат. Мына ошондуктан мүлкөө таандык болгон дефиницияларды адамга карата колдонууга болбойт деген ойду сүрөйбүз.

Тилекке каршы орусча «кража», «похищение» деген терминдер туура колдонулат анын ичинде акыркысы адамды уурдоо менен байланышкан учурда да колдонулат.

Тилекке каршы кыргызча тексте бир эле сөз «уурдоо» термини колдонулат.

Кыргыз Республикасынын кылмыш жаза кодексинин тиркемесинин 16-пунктунда «**Уурдоо** – менчик ээсине же бул мүлктүн башка ээсине зыян келти-рүүчү, укукка каршы, күнөөлүүнүн же башка адамдардын пайдасына бөтөн мүлктү акысыз алып (ээлеп) алуу» деп аныкталган. Башкача айтканда уур доо термини мүлккө гана колдонулушун белгилейт [6].

Биздин оюбузда адам маанилүү социалдык баалуулук катары таанылса анда аны мүлккө теңегенге болобу. Жок болбойт. Адам укуктары жана эркиндиктери баа жеткис жана кол тийгис.

Изилдөөчү Х. Назихтин оюу боюнча “ээлик кылу ал буюмдук укуктардын бир түрү, анын объектиси болуп буюмдар гана эсептелет адам эмес [7, 234-б.].

Демек, уурдоо термининин адамга карата колдонуу оңтойсуз. Биз изилдөөчү Е.А. Марахтанованын көз карашына кошулабыз. Анын оюу боюнча «адамды уурдоо» жана «биробнүн мүлкүн” уурдоону окшоштурууга жол бербеш керек» - дейт [8, 21-б.].

Бул дефинициялык карама каршылыктан чыгуу үчүн биз адамды уурдоо беренесиндеги белгилерди жалпылоо аркылуу берсек болот.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 170-беренесинде мамлекеттик тилде «киши уурдоо» официалдуу тилде «похищение человека» деп аныкталган. Официалдуу текстеги аныктама туура, бирок мамлекеттик тилде туура эмес.

Бул учурда мындай казуалдык абал келип чыгат. Кыргыз Республикасынын «ченемдик актылар жөнүндө» мыйзамынын 6-беренесинин 3-пунктуна ылайык мамлекеттик тилдеги ченемдик актынын тексти официалдуу тилдеги ченемдик акты менен карама каршы келип калса мамлекеттик тилдеги оригинал болуп саналат деп белгиленген. Демек, кыргызча тексти туура деп таанылат. Жогорудагы учурда мамлекеттик тилдеги «адамды уурдоо» аныктамасы туура деп таанылыш керек болууда. Тилекке каршы «киши уурдоо» туура эмес деп ойлойбуз.

Кыргыз Республикасынынкылмыш-жаза кодексинин 170-беренесинде «киши уурдоонун» бир катар квалификациялык белгилери аныкталган аларга

– мейкиндик боюнча жашаган жерден башка жерге алып кетүү;
– зомбулук көрсөтүү;
– зомбулуктуколдону коркунучу аркылуу кылмыштын квалификациялык белгилери аныкталган.

Белгилей кетүү керек, уурдоонун негизги белгилери болгон жашыруун алып кетүү жок. Демек, ал белги адамга карата колдонулбайт.

Мына ошондуктан Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 170-беренесин «киши уурдоо» деп аталышын өзгөртүү менен «зомбулук көрсөтүү менен же аны колдонуу коркунучу аркылуу адамды бир жерден башка жакка алып кетүү»деп атоо сунушталат. Бул аныктама бир канча толук кандуу кылмыштын квалификациялык белгилерин камтыйт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Же болбосо «адамды алып кетүү» деген аныктаманы колдонуу зарыл деген сунушту киргизебиз.

Ошону менен бирдикте кылмыш-жаза кодексиндеги тиркемеге «адамды алып кетүү» деген түшүнүктү киргизүүнү сунуштайбыз.

*Адамды алып кетүү – зомбулук көрсөтүү менен, же аны колдонуу коркунучу аркылуу адамды бир жерден башка жакка алып кетүү" деп аныктоо зарыл.*

*Белгилей кетүү керек, адамды уурдоо кылмышында бир катар дефинициялык көйгөйлөрдөн тышкары дагы маселелер бар аларга:*

*Киши уурдоо кылмышынын башка тектеш кылмыштардан айырмачылык белгилери (барымтага алуу, мыйзамсыз эркиндигинен ажыратуу, никеге туруу максатыда ала качуу) сыяктуу кылмыш курамдары менен өз ара катнашын бир канча толуктоо зарыл.*

*Ошону менен бирдикте жашы жете элек балдарды, алсыз адамдары уурдоону дифференциялоо жактары бир жактуу чечилген эмес.*

Жалпы адам уурдоо кылмышынын теориялык жана кылмыш-укуктук жактарын талдоо бизге төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берди:

– адамды уурдоо кылмышынын аталышында мамлекеттик тилдеги тексти бир канча оңтойсуз берилген;

– официалдуу текстеги аталышында мындай көйгөй жок;

– уурдоо дефинициясынын адамга карата колдонуунун мүмкүн эместиги;

– адамды уурдоо кылмышындагы уурдоо түшүнүгүнүн орунсуздугу;

– кылмыш жаза мыйзамындагы тиркемедеги уурдоо термини буюмдарга карата гана аныкталгандыгы;

– адамды уурдоо аталышын мамлекеттик тилде башкачараак берүү зарыл экендиги;

– кылмыш жаза мыйзамындагы адамды уурдоо менен тектеш кылмыштарды чектөө критерийлеринин толук кандуу эместиги:

– адамды уурдоо кылмышынын квалификациялык белгилерин дифференциациялоо зарылдыгы аныкталды.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган. (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы №59 Мыйзамы менен күчүнө киргизилген).
2. Международный акт о гражданских и политических правах [Текст]: принят Генеральной Ассамблеей ООН 16 декабря 1966 г. // Ратифицирован Законом Кыргызской Республики 12 января 1994 г. Постановление Жогорку Кенеша Кыргызской Республики №1406. - Бишкек: Информационно-правовой центр «ТОКТОМ», 2007.
3. Кыргыз Республикасынын статистикалык жылдыгы. - 2021. - С. 184
4. Даль В.И. Толковый словарь живого великорусского языка: избр. ст. / В.И. Даль; совмещ. ред. изд. В.И. Даля и И.А. Бодуэна де Куртенэ; [науч. ред. Л.В. Беловинский]. - М.: ОЛМА Медиа Групп, 2009. - 573 с.
5. Российское уголовное право: Курс лекций. Преступления против личности. - Т.3. Под ред. А.И. Коробеева 2000. - С. 290.
6. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодекси 2021-жылдын 28-октябрындагы №126 мыйзамына ылайык.
7. Назих Х. Объективные и субъективные признаки похищения человека; некоторые проблемы толкования и квалификации. Актуальные проблемы Российского права 2008. - №1. - С. 234.
8. Маратханова Е.А. Преступление против свободы личности: вопросы законодательной регламентации. / Автореферат дисс….канд.юрид. - Самара, 2006. - С. 21.
9. Закон Кыргызской Республики от 20 июля 2009 года №241 "О нормативных правовых актах". (В редакции Законов КР от 3 апреля 2020 года №33).
10. Ырысбекова Б.Д. Личностные особенности жертвы похищения. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 7. С. 199-202.